Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын **“ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компеттенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери”** аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин

**ПИКИРИ**

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин Табият таануу жана педагогика факультетинин “Педагогикалык билим берүү” кафедрасында аткарылган.

Илимий жетекчиси – Кыргыз Билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевич.

Диссертациянын жалпы көлөмү – 215 бет, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 188.

**Киришүү бөлүмүндө** салттуу түрдө изилдөөнүн актуалдуулугу тууралуу жалпы илимий-теориялык обзор берилген.

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу.**

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде теориялык жана практикалык жактан кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери бир топ окумуштуулар жана окутуучулар тарабынан каралганы менен проблема ырааттуу изилдөөгө алынбагандыгы, жаш муундарды этномаданияттуу инсан катары калыптандырууда элдик тарбиялоого болгон талаптын өсүшү менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбагандыгы, кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын бай мазмуну жана аны азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга тарта албай жаткандыгыбыз; болочок мугалимдерди балдар фольклору аркылуу жогорку окуу жайында этнопедагогикалык негизде



КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 74 "18" июня 2021 ж/г

компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча даярдоонун илимий изилдөөгө алынбагандыгы жана окутуучулар үчүн методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы илимий изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт.

Изденүүчү өз алдына мына ушундай зарыл болгон актуалдуу проблеманы койгон жана аны чечүүгө аракет жасаган.

Биринчи бап **"Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы жана анын ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн абалы"** деп аталат. Бул бапта диссертант кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин жана ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалын, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары тууралуу, т.а. балдар фольклорунун этнопедагогикалык маани-маңызы, анын изилденишинин абалын, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүлүшүнүн абалы жана студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын мүнөздөмөсү, ж.б. маселелерди караган.

Диссертант проблеманы изилдөөдө компетенттүүлүк түшүнүгүн ачыктоого байланыштуу эки түрдүү базалык түшүнүк бар экендиги аныктаган. Алар «компетенция» жана «компетенттүүлүк». Бул түшүнүктөрдүн маанилик, мазмундук маанилерин бир топ натыйжалуу талдоого алган.

Терминге аныктама берүүдө орус окумуштууларынан тартып кыргыз илимий изилдөөлөрүнө чейинки пикирлерди да жектиликтүү анализдей алган.

Диссертан А.Алимбековдун «Этнопедагогикалык компетенттүүлүк - бул тарыхый эс тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун руханий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү жондөмдүүлүгү жогору, өзүнүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим туюмдары жана реалдуу иш-аракеттери менен айырмаланган инсандарды тарбиялоо жаатындагы мугалим үчүн зарыл билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн тутуму десек туура болчудай. Ал эми студенттердин этнопедагогикалык даярдыгы

- бир тараптан инсандын этномаданий нарк-дөөлөттөрүн калыптандырууга багытталса, экинчи жактан чыныгы элдик мугалимдин турмуш образынын мүнөздөмөсүнө багытталуусу зарыл» деген пикирин колдоого алып, бир топ илимий аныктамалар менен тастыктап, жеке пикирин да сунуштаган.

Диссертанттын балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалар аркылуу студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандырууга ылайык буга чейинки тажрыйбаларды эске алып модель түзүп сунуштаган *(диссертациянын 45-бети)*.

Диссертан бул моделдин мазмунунда төмөндөгүлөрдү чагылдырган: моделдин түзүлүшү жана комоненттери: биринчиси - балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалардын мазмуну; экинчиси - ал чыгармаларды окутуунун формалары; үчүнчүсү - этномаданий түшүнүктөрүн калыптандыруунун методдору; төртүнчүсү - этномаданий билимдерин өнүктүрүүнүн каражаттары. Булардын баарынын ортосунда студент турат. Анткени, студент – тарбиянын борборунда болуу менен, тарбиянын предмети бала – экендигинин далили – дегенди түшүндүрүп турат деген пикирин айткан.

Жалпысынан, биринчи бап изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздерин аныктап алууга багытталгандыгы диссертацияга коюлган жалпы талаптарга ылайык келет.

Диссертациянын экинчи бабы: **“Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору”** деп аталып методология, методдор жөнүндө маалыматтар берилип, эксперименттик материалдардын мазмуну, критерийлери, эксперименттик методдун уюштурулушу, анын жүрүшү жана жыйынтыктары талдоого алынган.

Диссертант иштин апробациялык бөлүгүн терең иштегенге аракеттенген. Анткени диссертант өзү да окутуучу катары сабак берет. Ар бир процесске өзү катышат. Анын эксперименттери жана алардан алган натыйжалар да бизди ынандырат.

Диссертациянын үчүнчү бабы **“ЖОЖдордун педагогикалык**

**факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору"** деп аталат. Диссертант бул бапта студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары менен методдору, балдар ырлары, калптар, табышмактар, жаңылмачтар, элдик жомоктор, уламыштар аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн аныктап берген.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология, дидактика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыккандыгы; окуу жайларда балдар фольклорун окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденгендиги; балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, жолдору жана каражаттары аныкталгандыгы; илимий изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттары эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталгандыгы менен шартталат.

**Диссертациялык иштин жыйынтыктарынын негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология, педагогика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыккандыгында;

2. ЖОЖдордо балдар фольклорун окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденгендигинде;

3. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, жолдору, каражаттары аныкталды; изилдөөдө аныктаган натыйжалуу методдор, жолдор, каражаттары эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталгандыгында.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу:** ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу процесси илимий-методикалык жактан ар тараптуу иштелип чыккандыктан ал сунуштар аталган факультеттерде «Балдар адабияты» дисциплинасын окуткан адистер тарабынан пайдаланылат. Диссертанттын сунуштар окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду өркүндөтүүдө жана университеттерде курстук, дипломдук, магистрдик иш жаздырууда жардам берет деп эсептөөгө болот.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы** талапка жооп берет.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары, жоболору** 16 илимий макалада жарыяланган. Автордун илимий макалаларыы изилдөөнүн негизинде формулданган теориялык жоболорду ошондой эле практикалык рекомендацияларды толугу менен өз ичине камтыйт.

**Автореферат** диссертациянын негизги мазмунун ачып берет, анда кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмеси туура, жеткиликтүү иштелген.

Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын диссертациясы ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окутуу проблемасы боюнча кыргыз педагогика илиминде өз орду бар, толук бүткөрүлгөн жана өз алдынча аткарылган илимий изилдөө деп эсептеймин.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөр жана биздин сунуштар** төмөнкүлөр менен байланыштуу:

1. Диссертацияда көрсөтүлгөн айрым цитаталардын аралыгында изденүүчүнүн жеке көз карашы аз берилген. Ар бир цитададан кийин изденүүчүнү жеке көз карашы, анализи керек;

2. Диссертант “компетенция” менен “компетенттүүлүк” түшүнүгү чаташтырган учурлар көп кездешет.

3. Диссертацияда айрым пунктуациялык, орфографиялык, стилистикалык каталар кездешет.

Биз белгилеген кемчилдиктер жана сунуштар диссертациянын жалпы деңгээлине таасирин тийгизе албайт, биздин пикирлер сунуш үчүн гана айтылды.

**Жалпысынан,** Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компеттенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы жана анын негизинде жазылган автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү жобосуна» ылайык актуалдуу темада жазылган, жеке өзү тарабынан аткарылган жана бүткөрүлгөн илимий иш болуп эсептелет, ал эми изденүүчү А.Э. Нажимидинова 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин.

**Расмий оппонент:**

**Акматов Кыялбек Камутович,**
“Кыргызстан “Маариф” коомдук фондунун,
“Маариф” Билим берүү комплекси” мекемесинин
директорунун академиялык маселелер боюнча орун басары,
педагогика илимдеринин доктору, доцент
(13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун
теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

*К.К. Акматовдун колун тастыктаймын*
*“Кыргызстан “Маариф” фондунун директору Хусню Бирджан*

Дата поступ. отзыва 18.06.2022 г. ... 13.06.2023

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

Кыргызстан Маариф

**Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын « ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

XXI кылымдагы ааламдашуу процесси жаштарга билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттырын, улуу муун менен кичүү муундун өз ара алака-катышын, кийинки муунга билим жана тарбия берүү иш-чараларын, усул-формаларын жаңылоону гана талап кылбастан, жалпы адамзат коому боюнча бирдей (глобалдуу) билим берүү зарылдыгын да күн тартибине коюп отурат. Кыргыз элинде калыптанган педагогикалык көрөңгөлөрдү окутуу процессине аралаштыруу менен катар эле дүйнөлүк билим берүүдө иштелип чыккан, өзүнчө билим берүү концепциясы же теориясы катары практикадан өткөн илимий-практикалык иштерди, педагогикалык-дидактикалык ой-корутундулардын алгылыктууларын пайдалануу учурдун талабы экендиги талашсыз.

Муну натыйжалуу жүзөгө ашыруу үчүн мугалим өзүнүн үйрөтүү ишмердүүлүк табиятын илгерилетүү жана адабий-дидактикалык булактардын негиздерин тереңдетүүсү зарыл.

Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы илиминде иштелбеген маселелер жыш. Ошондой маселелердин бирине, б.а. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандырууда ишенимдүү илимий-теориялык жыйынтыктарды чыгаргандыгы менен аталган эмгек дөөлөттүү касиетке ээ болуп турат.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 82 « 18 » июнь 2012 ж/г

Диссертациялык иш изилдөөнүн илимий негизи тууралуу түшүнүк берген киришүүдөн, 3 главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден уюштурулган.

Диссертациянын биринчи главасы « Кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну, маани-маңызы, аны ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде окуп-үйрөнүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы» - деп аталып, анда кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык мазмуну жана учурдагы маани-маңызы, кыргыз балдар фольклорунун этнопедагогикалык өңүттө изилденишинин жана ЖОЖдордо окутуунун абалы, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары тууралуу маалыматтар жазылып, иликтөөлөр жүргүзүлгөн.

Диссертациянын 15-бетинде: «Балдар фольклору дүйнө элдеринин адабиятында да фольклордун бир бөлүгү катары изилденип келе жатат. Ал эми кайсы эл болбосун өзүнүн фольклористика илиминде балдар чыгармачылыгына өзгөчө көңүл бөлүп, анын жаш өзгөчөлүгүнө, аткарган функциясына, жалпы методологиялык принцибине таянып изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Ошол ар бир улуттун балдар фольклорунда жанр, термин маселелери да илимий жактан эбак такталып калыптанган. Кыргыз балдар фольклорун изилдөөнүн жеке эле тарыхый фольклордук планда эмес, профессионалдык балдар адабиятынын теориясын, тарыхын ар тараптуу изилдөөдө да терең мааниси бар » – деп баса белгилеген. Ал эми диссертациянын 33-бетинде: « Балдар фольклорун мектепте окуп үйрөнүү менен бирге алардагы элдик таалим-тарбиянын маани-маңызы, дүйнө-таануучулук каражаты катары анча эле маани берилген эмес. Балким, бул демократиялык коомубузга чейинки саясаттан улам элдик таалим-тарбиялык метод, принциптерди, илимий педагогика тарабынан унутта калтырылганы менен окуу китептеринде белгилеп, адабий үлгүлөрдө маани-маңызы унутта

калтырылбагандыгын мектеп программасына киргизилген макал-лакап, табышмак, жаңылмач, жөө жомок, улуу "Манас" эпосунунан кирген үзүндүлөрдүн идеалык-тематикасынан көрүүгө болот» - деп, жаш жеткинчектерге тарбия, билим берүүдө “Манас” эпосунун мааниси зор экендигин ачыктаган.

Экинчи глава «Кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттерде этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору» - деген аталышта берилип, студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору жана педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары аныкталган.

Ккыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча илимий изилдөө ишинин максатын жана аны ишке ашырууга карата коюлган милдеттерди ачык, так жана натыйжалуу ишке ашыруу үчүн изилдөөнүн обьектиси жана предмети аныкталган. Ошондой эле студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору чагылдырылган. Балдарды адептик оң сапаттарга үйрөтүүнүн эң таасирдүү куралы катары көркөм адабият кызмат кыларын айтып өткөн.

Үчүнчү глава « ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары жана методдору» - деп аталып, студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун формалары, балдар ырлары, табышмактар жана жаңылмачтар, макал-лакаптар, элдик жомоктор, уламыштар жана аңыз кептер аркылуу студенттер ээ бөлуучу этнопедагогикалык компетенттүүлүктөр белгиленип, окуучулардын тил байлыгын арттырууга, сынчыл ой жүгүртө билүүсүн өркүндөтүүгө, дүйнонү кабылдоо деңгээлин жогорулатууга,

тапкычтык, байкагычтык сезим-туюмун ойготууга, билимди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү уюштурууга багытталган.

Диссертациянын 139-бетинде: «Элдик педагогикада адамдын жүрүм-турумуна, аң сезимине, сезимдерине болгон таасирдин оозеки формалары көп түрдүү б.а насаат айтуу, акыл айтуу, түшүндүрүү, буйрук өтүнүч, тапшырма берүү, ырым-жырым, үйрөтүү, каалоо айтуу, кеңеш берүү, четин чыгарып сүйлөө, алкыш, айыптоо, жемелөө, убада берүү, сөз-кеп, сүйлөшүү формасында ишке ашат. Анткени сүйлөшүү-элдик тарбиянын эң негизги факторлорунун бири болуп саналат» - деп айтып, элдик педагогикалык үлгүлөрдү пайдалануу маанилүү экендигин көрсөткөн.

Диссертациянын 154-бетинде: «Бүгүнкү мезгилдеги илимий-технологиянын арасында жүрүп жаткан атандашуу доорунда мектеп окуучуларынан баштап ЖОЖдордогу студенттерге чейин көркөм чыгармага болгон кызыгуу начарлады. Коомдогу мындай негативдүү көрүнүштүн басымдуулугун жоюу үчүн эзелтеден бери муундан муунга чейин колдонулуп келген улуттук кор, көрөңгөбүздүн руханий асыл баалуулуктарын ЖОЖдун студенттерине, алар аркылуу бала бакчадан баштап, мектеп окуучуларына атайын кесипчилик орто окуу жайларына жеткирүү билим берүү системасындагы улуттук интеллегенциянын зарыл милдеттеринен болуп саналат” - деп белгилеп, бул предметти окуп үйрөнүү менен тилдик-коммуникативдик, этномаданий, этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрү калыптанарын ачыктаган.

Диссертациянын жалпы корутунду жана сунуштарында, кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттер ээ болуучу этнопедагогикалык компетенциялар, алардын дидактикалык мүнөздөмөсү жана таалим-тарбиялык функциялары катары дидактикалык талаптардан болгон адабий-теориялык, эстетикалык-рухий компетенттүүлүгүн өркүндөтүү зарыл экендигин айтуу менен жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттерине кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу

багытында атайын (спец) курстарды киргизүү керектигин жана кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында илимий изилдөөлөрдү мындан ары да тереңдетүүнүн зарылчылыгын айтып өткөн.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген.

Изденүүчү А.Э.Нажимидинова изилдөөгө жаңыча мамиле кылып, көтөрүлгон бардык көйгөйлөрдү бүгүнкү күндүн талабына ылайык иштеп чыгууга жетишкен.

Илимий эмгек боюнча айрым бир сунуштарды айта кетсек:

1. Жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттерине кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу багытында атайын (спец) курстардын болжолдуу жумушчу программасын киргизсе жакшы болмок.
2. Практикалык сунуштарга көбүрөөк басым коюлуп, сунуштар берилсе диссертациялык иштин натыйжалуулугун арттырмак.

Бул айтылгандар диссертациянын илимий-методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт. Диссертация өз алдынча аткарылган илимий-изилдөө иш катары саналат жана диссертант алдына койгон милдеттерин толук аткара алган деп эсептөөгө болот.

**Жыйынтыктап айтканда,** Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын « ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери» деген темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферати Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды

берүүнүн тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10. пунктуна ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору А.Э. Нажимидинова аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Расмий оппонент, педагогика
илимдеринин кандидаты, доцент Абдырасулова Э.К.

Общий отдел
Подпись Абдырасуловой Э.К. заверяю
зав. общим отделом
И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА

Дата поступления отзыва в ДС Д 13.20.623
18.06.2021 г. Ученый секретарь Олжобаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
ОК
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ

**"БЕКИТЕМИН"**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик

университетинин ректору,техника илимдеринин

доктору, профессор **К.Ж.Усенов**

_______________________________________

"__15__" ____________ 2021-ж.

Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын "ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компеттенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери" деген темада 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишине жетектөөчү мекеменин

**Р А С М И Й  П И К И Р И**

**Илимий жетекчи** – педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев Суйлайман Казыбаевич.

Иш Баткен мамлекеттик университетинин педагогикалык билим берүү кафедрасында аткарылган.

**1.Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу жана технологиялашуу доорунда билим берүү процессине кыргыз элинин улуттук мурастарын, рухий-адептик баалуулуктарын киргизүү жана аларды өсүп келе жаткан муунга жеткирүү милдеттери алдыга коюлду. Кийинки жаштардын массалык маданияттын агымына өзгөчө тартылышы, туш тараптан кысып келе жаткан, элибиздин менталитетине ылайык келбеген көз караштар болочок муундун көзүн тумандатып, көкүрөгүн сокур кылууну көксөөдө. Билим берүү тармагынын эң башкы милдеттеринин бири – ошол сырттан келген жагымсыз

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 83 "18" июнь 2021 ж/г

көрүнүштөргө туруштук бере алуучу элдик тарбиянын өзөктүү идеяларын өзүнө сиңдирүү менен жалпы адамзаттык гуманисттик ойлорду кабыл ала билген ар тараптуу инсандын тарбияланышын ишке ашыра билгендигинде. Учурда жаштардагы терс сапаттар күчөп, интернетомания оорусу менен ооруп жаткандыгы жалпы коомдун дарты болуп саналат. Мындай көрүнүштөргө каршы туруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик идеологиясынын таасиринин төмөндүгү, мектеп – ата-эне – социум байланышынын бекем эместиги, педагогика илимибиздин коомдук күчүнүн жоктогу кадыресе байкалат. «Мына ушундан улам бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшырары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» болуп отурат

Ушундай мамлекеттик маанилүү ишти турмушка ашыруу үчүн кыргыз элинин этникалык педагогикасындагы улуттук фольклордун ордун, анын идеяларын жогорку окуу жайларында окутууну өркүндөтүүнүн илимий-методикалык негиздерин иштеп чыгуу педагогика илими үчүн өзгөчө актуалдуу болуп эсептелет. Элдик педагогиканын идеяларын пайдалануу тууралуу ойлор Я.А.Коменскийдин «Байыркы чехтердин акылмандыгы», К.Д.Ушинскийдин «Эне тили», «Балдар дүйнөсү» деген эмгектеринде, классикалык педагогдордун (Ш.А.Амонашвили, А.С.Макаренко, И.Г. Песталоцци, Ж.Ж.Руссо, В.А.Сухомлинский, Л.Н.Толстой ж.б.)

окууларында өзгөчө басым жасалуу менен белгиленген. Кыргыз элинин фольклордук чыгармалардагы этнопедагогикалык ойлорду ачып берген этнопедагог окумуштуулар (Р.А.Абдыраимова, Б.А.Апышев, А.А.Алимбеков, А.Аттокуров, С.О.Байгазиев, Ж.Б.Бешимов, Г.Н.Волков, А.Э.Измайлов, Н.И.Имаева, С.И.Иптаров, А.Ж.Муратов, А.Т.Калдыбаева, Т.Н.Каранова, Ж.И.Койчуманов, М.Р.Рахимова, С.К.Рысбаев, Т.О.Ормонов, М.Х.Манликова, Л.А.Шейман ж.б.) балдар адабиятын изилдөөчүлөр (К.А.Абакиров, К.А.Исаков, Ү.Б.Култаева, О.С.Соороонов, А.Сатарова, Г.Орозова ж.б.) ал эми ЖОЖдор үчүн балдар адабияты окуу китептери менен окуу куралдарынын авторлору (М.С.Сулайманов, М.Түлөгабылов, А.Ж.Муратов, К.А.Исаков, С.Рысбаев) тарабынан методологиялык негиз болгон идеяларды андан ары тереңдеттик жана бул маселелерди дагы конкреттештирип, ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу проблемасына багыттадык.

Терияслык жана практикалык жактан ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыз балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери бир топ окумуштуулар жана окутуучулар тарабынан каралганы менен проблема ырааттуу изилдөөгө алынган эмес. Анын башкы себептери жана ***карама-каршылыктары*** булар болду: азыркы кезде жаш муундарды этномаданияттуу инсан катары калыптандырууда элдик тарбиялоого болгон талаптын өсүшү менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин толук аныкталбагандыгы; кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын бай мазмуну жана аны азыркы мектеп окуучуларынын билимин, тарбиясын жогорулатууга тарта албай жаткандыгыбыз; болочок мугалимдерди балдар фольклору аркылуу жогорку окуу жайында этнопедагогикалык негизде компетенттүүлүктөрүн калыптоо боюнча даярдоонун илимий изилдөөгө алынбагандыгы жана окутуучулар үчүн методикалык сунуштардын иштелип чыкпагандыгы.

**2. Изилдөөнүн илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштардын негизделиш даражасы:** диссертацияда изилдөөдөн алынган натыйжалар, чыгарылган тыянактар изденүүчүнүн өзүнүн жана кесиптештеринин практикалык сабактарында колдонулган. Болочок педагогдордун билим берүү процессинде этномаданий билимдерин өнүктүрүүнүн каражаттары аркылуу этнопедагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугунун критерийлери иштелип чыгып, балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалар аркылуу студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун системасын түзгөн.

Системанын мазмуну, түзүлүшү жана комоненттери төмөндөгүлөрдөн турат: *биринчиси,* балдар адабиятындагы фольклордук чыгармалардын мазмуну, экинчиси, ал чыгармаларды окутуунун формалары, *үчүнчүсү*, этномаданий түшүнүктөрүн калыптандыруунун методдору, *төртүнчүсү,* этномаданий билимдерин өнүктүрүүнүн каражаттары. Булардын баарынын ортосунда студент турат. Анткени, студент - тарбиянын борборунда болуу менен, тарбиянын предмети бала-экендигинин далили - дегенди түшүндүрүп турат. Студенттердин этнопедагогикалык түшүнүктөрүн калыптандыруунун системасын иштеп чыгуу процессинде, этномаданий таалим-тарбияга негиз болгон фольклордук чыгармалардын мазмунундагы этнопедагогикалык компетенциялар менен, аны жүзөгө ашыруу үчүн интерактивдүү методдор жана усулдук иштелмелердин, дидактикалык адабияттардын, тарбиялык сааттардын, дидактикалык материалдардын, сүрөттөрдүн өз ара эриш-аркак биримдигин камсыз кылган.

Изилдөөнүн мазмуну боюнча илимий конференцияларда баяндамалар окулган. Ош, Баткен, Жалал-Абад областарында болгон семинар тренингдерде талкууга алынып, Республикалык жана чет өлкөлүк басылмаларда макалалар жарыяланган.

**3. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык мааниси.**

ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу

студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун методикасы заманбап шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология, педагогика илимдеринин соңку жетишкендиктерине негизделип ырааттуу түрдө алгачкы жолу иштелип чыкты; ЖОЖдордо балдар фольклорун окутуу аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү, изилдениши алгачкы жолу атайын максатта анализденди; ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун натыйжалуу методдору, каражаттары аныкталды; эксперименттен өткөрүлүп, практикага сунушталган.

4. **Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн жыйынтыктары ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклорун окуп-үйрөнүүдө, аны студенттердин этнопедагогикалык каражат катары изилдеп үйрөнүүсүнө туура багыт берүүдө, аны илимий-методикалык жактан туура уюштурууда; бул багытта студенттерди этнопедагогикалык жактан туура билим-тарбия берүү; ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде кыргыздын улуттук балдар адабиятын окуп-үйрөнүүгө этнопедагогикалык маани берүүдө, анын этнопедагогикалык функциясын туура түшүнүүдө жана бул багыттагы методикалык эмгектерди даярдоодо колдонулат.

5. **Авторефераттын диссертациянын мазмуну менен дал келиши.**

Изилдөө киришүүдөн, 3 баптан жана 9 параграфтан, корутунду, илимий-методикалык сунуштардан, тиркемелерден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Иштин жалпы көлөмү 215 бет. Пайдаланылган адабияттардын тизмеси - 188, таблицалар -15, сүрөттөр – 6, тиркемелер - 4. Авторефераттын көлөмү резюмелерди кошпогондо белгиленген талаптан ашкан эмес, изилдөө ишинин мазмунун толлук чагылдырган. Изилдөөнүн милдеттеринин чечилиши главалар боюнча так көрсөтүлгөн.

Жалпысынан изилдөө ийгиликтүү иштелген, оз алдынча аткарылган

оң баага татыктуу. Аталган ийгиликтер менен кошо айрым мүчүлүштүктөр да байкалды, алар:

Биринчиси, айрым теориялык маселелелерге, атап айтсак кыргыз балдар фольклорунун ички мазмунундагы этнопедагогиканын дидактикалык пинциптерине кобуроок орун берилген.

Экинчиден, балдар адабиятындагы фольклордук чыгармаларды окутууда болочок педагогдор үчүн практикалык сунуштар конкреттүү берилсе.

Үчүнчү, стилистикалык, орфографиялык айрым мүчүлүштүктөргө жол берилген.

Бирок белгиленген мындай мүчүлүштүктөр принципиалдуу мүнөзгө ээ эмес, алар изилдөөнүн жалпы деңгээлине таасир этпейт.

Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын **“ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компеттенттүүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери”** деген темадагы диссертациялык изилдөөсү Кыргыз республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруунун тартиби жөнүндөгү” жобосунун 10-пунктунун талаптарына толук жооп берет. Ал эми изденүүчү Нажимидинова Асылкан Элчиевнанын “ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттердин этнопедагогикалык компеттент- түүлүктөрүн калыптандыруунун илимий-методикалык негиздери” деген темада “13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы” (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Пикир Жалал-Абад мамлекеттик университетинин педагогика жана психология, башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы

кафедраларынын кеңейтилген жыйынынын отурумунда 2021-жылдын 14-июнундагы (№ 20- протокол) талкууланып бекитилди.

**Катышкандар:**

1.Сакиева С.С.–педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.02);

2.Токтогулов С.Т.–педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. (13.00.01);

3.Ураимов К.М. –педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);
4.Найманбаев М.Ж.–педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01);

5.Рыскулова Г.У.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);

6.Тажибаева Ж.К.– педагогика илимдеринин кандидаты доц.м.а.(13.00.02);

7.Ажыкулов С.М.– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);

8.Нусупова Р.С. .– педагогика илимдеринин кандидаты, доц.м.а.(13.00.01);

9.Ажыбаева З.А.–филология илимдеринин кандидаты, доцент (10.00.01);

10.Жолдошбаева Р.К.-педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01).

Отурумдун төрагасы, педагогика

илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиева

*Педагогика илимдеринин доктору, профессор С.С.Сакиеванын колун тастыктайм.*

*Жалал-Абадмамлекеттикуниверситетининокумуштуукатчысы,*

*педагогика илимдеринин кандидаты Р.С. Нусупова*

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети / Кыргызский государственный университет имени И.Арабаева — Кадрлар бөлүмү / Отдел кадров

Дата поступления отзыва в ДС 22.06.2023
18.06.2021
Уч. сек.: Олжобаеве

Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети / Кыргызский государственный университет им И. Арабаева
ОК
... тамгасын тастыктаймын / подпись заверяю